Ош мамлекеттик университетинин эл аралык медицина факультетинин

Инл-7-20-тайпасынын кураторлук жыйынынын №2

**протоколу**

2020-жылдын 22-октябры

Онлайн. Zoom тиркемеси

Төрайымы: Джеенбаева К. А

Катчысы: Хусанов Х.

Катышкандар: - 30 (№2 тиркеме)

Келбегендер: - жок

Күн тартибинде:

1. ОшМУнун жана факультеттин миссиясы менен таанышуу

**Угулду:** ИнлР-7-20-тайпасынын куратору К. А. Джеенбаева сөзгө чыгып, өз сөзүндө Ош мамлекеттик университетинин жана факультеттин миссиясынын мааниси жөнүндө баяндап, мазмуну менен тааныштырды.Студенттерди университеттин жана факультеттин миссиясын терең өздөштүрүү менен аны ишке ашырууга өз салымдарын кошууга чакырды. Ош мамлекеттик университетинде заманбап билим алууга, билим алуунун дүйнөлүк мейкиндигине чыгууга, жогорку профессионалдык кадрларды даярдоого толук шарттар түзүлгөндүгүн жана дүйнөдөгү эң алдыңкы университеттердин катарына кирүүгө толук шарттар бар экендигин айтып өттү.

**Сөзгө чыкты:** ИнлР-7-20-тайпасынын студенти Корабоева Ситорабону Ихтиёржон Кизи жана Хусанбоев Мухаммадкодир Абдувохид угли күн тартибиндеги маселе боюнча өз ойлорун билдирип, университеттин миссиясынын аткарылышында студенттердин да салымы чоң экендигин белгилеп өттү.

Жогорудагы маселени карап чыгып тайпанын жыйыны төмөнкүдөй

**токтом кылат:**

1. ОшМУнун миссиясын өздөштүрүү тайпанын ар бир студентине милдеттендирилсин.

Жыйналыштын төрайымы: К. А. Джеенбаева

Катчы: Хусанов Х.

https://www.oshsu.kg/news/new/?lg=2&id_parent=4774&id2=15057&list=5

**Ош мамлекеттик университетинин эл аралык медицина факультетинин**
**Социалдык-гуманитардык дисциплиналар кафедрасы**
**ИнлР-3-21-тайпасынын кураторлук жыйыны**

2022-жылдын 25-апрель

***Өткөрүлгөн жайы: ЭМФ, 205-каанасы***

**Күн тартиби:**

1. Коомдук жайларда, коомдук транспорттордо санитардык-гигиеналак тазалыкты жана талаптарды сактоо

1. **Угулду:**
ИнлР-3-21-тайпасынын куратору Торобай к.Зарина сөзгө чыгып, өз сөзүндө коомдук жайларда жана өздүк гигиенада кийим кечекти, турак жайды таза күтүү. Ошондой эле тамак-аш даярдоодо гигиеналык талаптарды сактоо зарыл экендигин айтты. Коомдук жайларда жана транспорттордо өзүн алып жүрүү этикетин сактоо боюнча кеңири маалымат берип өттү. Факультетен сырткаркы коомдук жайларда жана коомдук унааларда медициналык форманы (ак халат, чепчик) кийип жүрүүгө тыюуу салынарын түшүндүрүп өттү.

**Сөзгө чыкты**:
ИнлР-19-21-тайпасынын студенти Дурай Рашика Прия жана Мариппан Кишорхан күн тартибиндеги маселе боюнча өз ойлорун билдиришти.

**2.Угулду:**
Окутуучу Торобай к.З. сөз сүйлөдү. Ал өз сөзүндө гигиена боюнча жалпы маалымат берип өтүү менен студенттердин ой-пикирин айтуусун сунуштады.
**Сөзгө чыкты**:
Тазалык боюнча жооптуу Совмия даярдап келген докладын окуп берүү менен жалпы тайпанын студенттерин өздүк гигиенаны кантип сактоо эрежелери боюнча практика жүзүндө көрсөтүп өттү.
**Сөзгө чыкты:**
Тайпанын старостасы Шри. Ал өз сөзүндө Совмия туура маалыматтарды айтып өткөндүгүн жана гигиеналык шарттар, дене гигиенасы, теринин нормалары жана гигиеналык эрежелер жана коомдук транспорттордо жүрүү боюнча кошумча маалымат берип өттү.

Жогорудагы маселелерди карап чыгып жана студенттердин ой-пикир, сунуштарын эске алуу менен тайпанын кезектеги жыйыны төмөнкүдөй

**токтом кылат:**

1. Коомдук жайда санитардык гигиенаны жана коомдук транспортто жүрүү эрежесин сактоо тайпанын ар бир студентине милдеттендирилсин.
2.«Коомдук жайда гигиена сактоо, жүрүм-турум деген эмне?». деген темада ар бир студент тарабынан доклад жазылсын.

Жыйындын төрагасы: Торобай к.З.

Катчысы: Шри М.

**Ош мамлекеттик университетинин эл аралык мелицина факультетинин**

**ИнлР 7-20 тайпасынын жыйналышынын**

**№1-протоколу**

2021.29. 01

Ош шаары
Төрайым-К. Джеенбаева
Катчы- Хусанов Хусниддин
Катышкандар: 16 ата-эне
Келбегени-14

**Күн тартибиндеги маселелер:**

1. **Тайпанын ата энелери менен таанышуу жана студенттерди көзөмөлгө алуу.**
2. **Студенттердин жеке гигиенасын сактоо жана ар түрдүү жугуштуу оорулардын алдын алуу жолдорун түшүндүрүү**
3. **Ар түрдүү маселелер.**

**1.Угулду:** ИнлР-7-20 тайпасынын куратору ата-энелер менен таанышып жатып, алар менен таанышкандыгына кубанычта экендигин ошондой эле студенттер сабакка хала, ак көйнөк, кара шым кийип келүүсү шарт экендигин айтып өттү.

**Сөзгө чыкты:** 1. Мухиддинова Нигора айым студенттердин күнүмдүк сабакка жогоруда айтылган формада баруусу туура экендигин ошондой эле факультеттин окуу каанасынын регламентин билүүгө кызыкдар экенин баса белгиледи.

**Сөзгө чыкты:** Куратор Джеенбаева Космира өз сөзүндө окуу каанасы 8:00 дөн 18:00 чейин иштээрин айтып өттү.

**Созгө чыкты:** Турдалиева Сетора айым жогорудагы берилген маалыматтарга ыраазычылык билдирүү менен студенттерди сабактан сырткаркы убакытта да көзөмөлдөө жүргүзүү керектигин айтып өттү.

**Сөзгө чыкты:** Куратор Джеенбаева Космира сөз сүйлөдү ар бир студенттин ата-энеси менен тыгыз мамиледе болуп чогуу көзөмөлдөө максатка ылайык экендигин айтып өттү.

**2. Угулду:** Студенттердин жеке гигиенасын сактоо жана ар түрдүү жугуштуу оорулардын алдын алуу жолдорун түшүндүрүү максатында видео-ролик көрсөтүлгөн соң, окутуучу ата-энелерден студенттер сабакка келээрде ар эки сааттан соң маскаларын алмаштырып туруусу, антисептиктерди алып жүрүүсү окуу жайдын талабы экендигин кеңири түшүндүрүп айтып өттү.

**Сөзгө чыкты:** Иброхимова Бегайым айым жогорудагы коюлган талаптарга макул экендигин ошондой эле бардык айтылган эрежелерди так аткарып, жеке гигиена үчүн керектелүүчү буюмдар менен камсыз кылып берээрин айтып өттү.

Ошондой эле, тайпанын ата-энелери: Хусанова Феруза, Мухиддинова Нигора, Абдуллаев Немоджон, Турсуналиев Хасанбайлар да жогорудагы коюлган талаптарга макул экендигин айтып өтүштү.

Жогорудагы ата-энелердин талкуусундагы ой-пикир, сунуштарды эске алуу менен тайпанын жыйыны төмөнкүдөй

**токтом кылат:**

**1**.Студенттер ата-энелер тарабынан (онлайн) көзөмөлдөөгө алынсын

2. Студенттердин жеке гигиенасын сактоо максатында беткап, антисептик менен камсыздоо ата-энелерге милдеттендирилсин.

Тайпанын куратору: Джеенбаева К. А.

Катчы: Хусанов Х